

**Ардактуу Конгресстин катышуучулары, окумуштуулар жана меймандар!**

Фестивалдын алкагындагы «Салттуу маданият жана искусство: сактоо жана өнүктүрүү маселелери» аталышындагы бул масштабдуу илимий иш-чаранын материалдары «Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Кабарлары» илимий журналынын атайын санына жыйнак катары басылып чыгышы биз үчүн өтө маанилүү. Жыйнак аталган искусство жаатында илимий-изилдөө маселелерди терең талдоого, жаңы багыттарды аныктоого жана тажрыйба алмашууга жол ачат деп ишенебиз.

Эгемендүү Кыргызстандын тарыхында 25-апрель Салттуу музыка күнү катары белгиленип келе жатканына быйыл 21 жыл болду. 2004-жылдан бери салттуу музыкалык искусствону сактоо, жайылтуу жана өркүндөтүү жаатында ири иштер жасалып, «Кыргыз Республикасынын Улуттук салттуу музыка күнүн белгилөө жөнүндөгү» Жогорку Кеңештин токтому жана Президенттин «Комуз күнүн» жарыялоо боюнча Жарлыгы чыккан. Бул аракеттердин логикалык уландысы катары, 25-апрель Салттуу музыка күнүнүн 20 жылдыгынын урматына, 2024-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Салттуу маданият жана искусство илимий-изилдөө борбору ачылып, дүйнөлүк «Рух Санат» фестивалын өткөрүү демилгеси Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун колдоосуна алынды. Салттуу маданият жана искусство илимий-изилдөө борбору кыргыз элинин жана Кыргызстанда жашаган этностордун салттуу маданияты (улуттук оюндар, кол өнөрчүлүк, этнодизайн, бий, тамак-аш ж.б.) жана музыкалык искусствосу (фольклор, оозеки салттагы профессионалдык музыкалык искусство) жаатында фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү жакынкы жана алыскы өлкөлөрдөгү илимий институттар, борборлор менен кызматташтыкта жүргүзүүгө умтулат.

Материалдык эмес маданий мурастарды сактоонун актуалдуулугу ЮНЕСКО тарабынан учурдун артыкчылыктуу милдеттеринин бири катары таанылышы, аталган уюм менен консультативдик иш алып барган ICTMD уюму менен Борбордук Азияда, анын ичинде Кыргызстан менен кызматташып ийгиликтүү натыйжаларга жетишебиз деген изги тилектерибиз ишке ашсын!

**Урматтоо менен,**

**Роза Аманова , Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Салттуу маданият жана искусство илимий-изилдөө борборунун жетекчиси, профессор**

**Dear participants of the Congress, esteemed scholars, and guests,**

It is a great honor for us that the materials of this large-scale academic event “Traditional Culture and Art: Problems of Preservation and Development”, held within the framework of the festival — are being published in a special edition of the scientific journal Proceedings of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic. We are confident that this collection will provide opportunities for in-depth analysis of current research issues in the field of art, help identify new directions, and foster the exchange of experience. This year marks 21 years since April 25 was officially recognized as the Day of Traditional Music in the history of independent Kyrgyzstan. Since 2004, significant efforts have been made in the country to preserve, promote, and develop traditional musical art. A resolution of the Jogorku Kenesh (Parliament) on the celebration of the National Day of Traditional Music of the Kyrgyz Republic and a Presidential Decree declaring the Day of the Komuz have been

adopted. As a logical continuation of these initiatives, the Research Center for Traditional Culture and Art was established in 2024 under the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic. Additionally, the international Ruh Sanat festival is now being held with the support of the President of the Kyrgyz Republic, H.E. Sadyr Nurgozhoevich Japarov, in honor of the 20th anniversary of the Day of Traditional Music.

The Research Center aims to conduct both fundamental and applied studies in the field of traditional culture (including national games, crafts, ethnodesign, dance, traditional cuisine, etc.) and musical arts (such as folklore and the oral professional musical tradition) of the Kyrgyz people and ethnic communities living in Kyrgyzstan. This work is being carried out in cooperation with academic institutions from both near and far abroad.

The recognition by UNESCO of the importance of safeguarding intangible cultural heritage as one of today's global priorities gives us hope. We believe that through collaboration with ICTMD — an organization with consultative status with UNESCO — we can achieve meaningful results in Central Asia, and particularly in Kyrgyzstan.

**Sincerely, Roza Amanova Professor, Director of the Research Center for Traditional Culture and Art National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic**

**Уважаемые участники Конгресса, ученые и гости!**

Для нас имеет особую значимость публикация материалов этого масштабного научного мероприятия «Традиционная культура и искусство: проблемы сохранения и развития», проходящего в рамках фестиваля, в специальном выпуске научного журнала «Известия Национальной академии наук Кыргызской Республики». Мы уверены, что данный сборник откроет возможности для углубленного анализа актуальных научно-исследовательских проблем в области традиционной культуры и музыкального искусства, определения новых направлений и обмена опытом.

В этом году исполнился 21 год с тех пор, как 25 апреля в истории независимого Кыргызстана отмечается как День традиционной музыки. С 2004 года в республике проделана большая работа по сохранению, распространению и развитию устно-профессионального музыкального искусства. Были приняты Постановление Жогорку Кенеша о праздновании Национального Дня традиционной музыки Кыргызской Республики и Указ Президента о провозглашении Дня комуза. Логическим продолжением этих усилий стало открытие в 2024 году Научно-исследовательского центра традиционной культуры и искусства при Национальной академии наук КР, а также проведение Всемирного фестиваля «Рух санат» при поддержке Президента Кыргызской Республики С.Н.Жапарова — в честь 20-летия Дня традиционной музыки.

Центр традиционной культуры и искусства стремится к проведению фундаментальных и прикладных исследований в области традиционной культуры (национальные игры, ремесла, этнодизайн, танец, традиционная кухня и др.) и музыкального искусства (фольклор, устная профессиональная музыкальная традиция) кыргызского народа и этносов, проживающих в Кыргызстане, в сотрудничестве с научными учреждениями ближнего и дальнего зарубежья.

Осознание актуальности сохранения нематериального культурного наследия как одного из приоритетов современной повестки дня, признанное ЮНЕСКО, вселяет надежду, что при сотрудничестве с ICTMD — организацией, осуществляющей консультативную деятельность с ЮНЕСКО, — мы добьемся значимых результатов и в Центральной Азии, и в Кыргызстане в частности.

**С уважением, Роза Аманова**

**Профессор, директор Научно-исследовательского центра традиционной культуры и искусства Национальной академии наук Кыргызской Республики**

## Урматтуу Конгресстин катышуучулары, окумуштуулар!

«Рух Санат» Бүткүл дүйнөлүк салттуу маданият жана музыка фестивалынын алкагында өтүп жаткан «Салттуу маданият жана искусство: сактоо жана өнүктүрүү маселелери» аталышындагы эл аралык конгресске дүйнөнүн 40тан ашуун өлкөсүнөн 200дөн ашык макала өтүнмөсү келип түштү. Алардын ичинен 100гө жакын макала тандалып алынып, илимий-редакциялык иштер жүргүзүлдү.

Конгресс Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Салттуу маданият жана искусство илимий-изилдөө борбору тарабынан уюштурулуп, ага Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги жана Түрк маданияты жана мурасы фонду өнөктөш катары колдоо көрсөтүштү. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы аталган конгресстин материалдарынын жыйнагы үчүн «Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Кабарлары» илимий журналынын атайын санын чыгарды.

Редакциялык-илимий экспертиза тобу, Конгресстин жобосуна ылайык, салттуу маданиятты, оозеки салттагы музыкалык искусствону, аткаруучулук маселелерди, этномаданий мурасты, маданияттар аралык диалогду сактоо, өзгөртүү жана өнүктүрүүгө байланыштуу кеңири темаларды камтыган 75 илимий макаланы тандап алды. Тандалган илимий макалалар *«Музыкалык искусство: салт жана аткаруучулук»* жана *«Салттуу маданият: философия, идентүүлүк жана трансформация»* деген аталыштардагы эки бөлүмгө бөлүндү.

«Музыкалык искусство: салт жана аткаруучулук» аталышындагы I бөлүмгө салттуу маданияттагы музыкалык искусствону, аткаруучулук маселелерин, ошондой эле салттуу маданияттын музыка, живопись, адабият, театр, кино жана башка искусство түрлөрүндө чагылдырылышын камтыган илимий баяндамалар киргизилди.

«Салттуу маданият: философия, идентүүлүк жана трансформация» аталышындагы II бөлүмгө салттуу маданият мурастарын тарыхый, философиялык-эстетикалык, социалдык аспектилерде караган илимий макалалар киргизилди. Аталган илимий баяндамаларда маданий идентүүлүктү сактоо, глобализациянын таасири, маданияттар аралык коммуникация, маданий практикалардын трансформациясы, кол өнөрчүлүктүн, этнодизайндын теориялык жана практикалык маселелери каралган.

Конгресске академиялык коомчулуктун өкүлдөрү: кенже жана улук илимий кызматкерлер, окутуучулар, доценттер, профессорлор, илимдин кандидаттары, докторлору, ошондой эле аспиранттар, докторанттар жана жакынкы, алыскы чет өлкөлөрдүн ар кандай университеттеринин, илимий институттарынын, маданий борборлорунун, чыгармачылык уюмдарынын изилдөөчүлөрү катышышты. Редакциялык кеңеш Конгресске кызыгуу көрсөтүп, жогорку илимий деңгээлдеги макалаларды жиберген бардык авторлорго ыраазычылык билдирет. Биз Конгресстин натыйжалары салттуу маданият жана искусство жаатында илимди өнүктүрүүгө олуттуу салым кошуп, ошондой эле өлкөлөр ортосундагы маданий байланыштарды чыңдоого таасир этет деп ишенебиз.

Урматтуу окумуштуулар, бул жыйнак сиздердин изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүңүздө пайдалуу илимий булактардын катарын толуктайт деп ишенебиз.

***Редакциялык кеңеш***

## Уважаемые участники Конгресса, ученые!

На международный конгресс «Традиционная культура и искусство: проблемы сохранения и развития», проходящий в рамках Всемирного фестиваля традиционной культуры и музыки «Рух Санат», поступило более 200 заявок статей из более чем 40 стран мира. Из них было отобрано около 100 статей и проведена научно-редакционная работа.

Организатором Конгресса выступил Научно-исследовательский центр традиционной культуры и искусств Национальной академии наук КР при поддержке Министерства культуры, информации и молодежной политики КР и Фонда тюркской культуры и наследия в качестве партнеров. Национальная академия наук КР издала специальный выпуск научного журнала «Известия Национальной академии наук КР», в котором собраны материалы Конгресса. Редакционно-научная экспертная группа, в соответствии с Положением Конгресса, отобрала 75 научных статей, охватывающих широкий спектр тем, связанных с сохранением, трансформацией и развитием традиционной культуры, устно-профессионального музыкального искусства, проблемами исполнительства, этнокультурного наследия, межкультурного диалога.

Отобранные научные статьи были разделены на два раздела: *«Музыкальное искусство: традиции и исполнение»* и *«Традиционная культура: философия, идентичность и трансформация».*

Раздел I, озаглавленный «Музыкальное искусство: традиции и исполнительство», включает научные статьи, посвященные музыкальному искусству в традиционной культуре, проблемам исполнительства, а также отражению традиционной культуры в музыке, живописи, литературе, театре, кино и других видах искусства.

Раздел II, озаглавленный «Традиционная культура: философия, идентичность и трансформация», включает научные статьи, рассматривающие традиционное культурное наследие в историческом, философско-эстетическом и социальном аспектах. В этих научных докладах рассматриваются вопросы сохранения культурной идентичности, влияния глобализации, межкультурной коммуникации, трансформации культурных практик, а также теоретические и практические вопросы ремёсел и этнодизайна .

В конгрессе примут участие представители академического сообщества: младшие и старшие научные сотрудники, преподаватели, доценты, профессора, кандидаты наук, доктора наук, а также аспиранты, докторанты и научные сотрудники различных вузов, научных институтов, культурных центров и творческих организаций ближнего и дальнего зарубежья. Редакция выражает благодарность всем авторам, проявившим интерес к Конгрессу и приславшим статьи высокого научного уровня. Мы уверены, что результаты Конгресса внесут значительный вклад в развитие науки в области традиционной культуры и искусства, а также будут способствовать укреплению культурных связей между странами.

Уважаемые ученые, мы надеемся, что Материалы конгресса станут полезным дополнением к вашим исследовательским ресурсам и ценным научным источником.

***Редакционная коллегия***

## Dear Congress participants, scientists!

The international congress «Traditional Culture and Art: Problems of Preservation and Development», held within the framework of the World Festival of Traditional Culture and Music «Rukh Sanat», received more than 200 applications for articles from more than 40 countries. Of these, about 100 articles were selected and scientific and editorial work was carried out.

The Congress was organized by the Research Center for Traditional Culture and Arts of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic with the support of the Ministry of Culture, Information and Youth Policy of the Kyrgyz Republic and the Turkic Culture and Heritage Foundation as partners. The National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic has published a special issue of the scientific journal "News of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic", which contains materials from the Congress.

The editorial and scientific expert group, in accordance with the regulations of the Congress, selected 75 scientific articles covering a wide range of topics related to the preservation, transformation and development of traditional culture, oral musical creativity, problems of performance, ethnocultural heritage, and intercultural dialogue. The selected scientific articles were divided into two sections: *"Musical Art: Traditions and Performance"* and *"Traditional Culture: Philosophy, Identity and Transformation".*

Section I, entitled "Musical Art: Traditions and Performance," includes scientific articles devoted to musical art in traditional culture, problems of performance, as well as the reflection of traditional culture in music, painting, literature, theater, cinema and other forms of art.

Section II, entitled «Traditional Culture: Philosophy, Identity and Transformation», includes scientific articles examining traditional cultural heritage in historical, philosophical-aesthetic and social aspects. These scientific reports examine issues of preserving cultural identity, the impact of globalization, intercultural communication, transformation of cultural practices, as well as theoretical and practical issues of crafts and ethnodesign.

The congress will be attended by representatives of the academic community: junior and senior research fellows, teachers, associate professors, professors, candidates of science, doctors of science, as well as postgraduate students, doctoral students and research fellows from various universities, research institutes, cultural centers and creative organizations from near and far abroad. The editors express their gratitude to all authors who showed interest in the Congress and sent articles of high scientific level. We are confident that the results of the Congress will make a significant contribution to the development of science in the field of traditional culture and art, and will also contribute to the strengthening of cultural ties between countries.

Dear scientists, we hope that this collection will be a useful addition to your research resources.

***Editorial board***